**Эл аралык мамилелер факультетинин Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын**

**№4-Протоколу**

**16-май, 2020-жыл**

**Катышкандар:** Окумуштуулар кеңешинин 19 мүчөсүнөн 15 мүчөсү катышты.

Окумуштуулар кеңешинин төрайымы: С.С. Ибраимова
Окумуштуулар кеңешинин катчысы: Г.М. Даниярова

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Кафедралардын сайттагы маалыматтык иштеринин абалы
2. Факультеттеги студенттердин жана магистранттардын илимий изилдөө иштеринин уюштурулушу жана жүргүзүлүшү
3. Факультеттеги даярдалып жаткан программалардын окуу программасына киргизилчүү элективдүү курстарды талкуулоо жана бекитүү (бакалавриат, магистратура)
4. Факультеттеги бүтүрүүчү курстагы студент жана магистранттардын мамлекеттик аттестацияга даярдыгы жөнүндө
5. Ар түрдүү маселелер

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Саламатсыздарбы, урматтуу коллегалар! Бүгүнкү ОКнын 19 мүчөсүнөн 15 мүчөсү катышып жатат, кворум бар. Ошондуктан ОК ачык деп жарыялайм. ОКнын күн тартибин бекитүү боюнча сунуштар барбы?

Анда күн тартибиндеги маселелерди бекитип койсок: «каршы», «калыс» жок бир добуштан “макул”.

Регламент бекитип алсак: баяндамачыларга – 3-5мин.,
жарыш сөзгө - 3мин .
суроо - 1 мин.

«каршы»- жок, «калыс» -жок, “макул” – бир добуштан, “бекитилсин”

1. **1-маселе.** Факультет жана кафедралардын сайттагы маалыматтык иштеринин абалы

**Угулду: Тарбия иштери боюнча декандын орун басары Бердибек у.Ч.:** Факультеттин сайттагы маалыматтык иштери боюнча баяндама жасады. Анда кээ бир маалыматтар толукталып, жаңылануусу керектигине токтолду. Ошондой эле маалыматты берүүдөн мурун факультеттеги тилчи окутуучуларга (кыргыз, орус, англис тили окутуучулары) текшертип, анан сайтка киргизүү керектигин кошумчалады. (Презентация тиркелет)

**Ф.и.к., доцент К.Дж. Султанова.:**

Биздин кафедранын сайтындагы маалыматтарды жаңылоо боюнча иштер жүрүп жатат. Сайт негизинен 14 разделден турат. Андагы маалыматтар кыргыз жана орус тилдеринде берилген.

**Ф.и.к., профессор К.Х. Нурдинова:** Эл аралык мамилелер кафедрасынын сайтын жаңылоо боюнча биз да иштеп жатабыз. Видео материалдарды киргизүү боюнча да окутуучуларга тапшырмалар берилген.

**Ф.и.к.: доцент Курбанбаев К.А.:** Философия жана политология кафедрасынын сайтына токтолсок ал 8 бөлүмдөн турат. Кафедранын иш пландары, окутуучулардын телефон номерлери киргизилген.

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Бул маселе боюнча кандай сунуштар бар?

**Ф.и.к., доцент Акматова Д.А.:** Сайт- бул биздин жүзүбүз. Андагы ар бир маалымат так жана туура болуусу абзел. Биз Эл аралык мамилелер деген атыбызга дал келе тургандай маалыматтардын баары 3 тилде киргизилсе.

Анда жогорудагы сунушту эске алып, токтомду бекитип койсок. «Каршы»- жок, «калыс» - жок, "макул" – бир добуштан.

**Күн тартибиндеги 1- маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңешинин жыйыны**

**Токтом кылат:**

**1.1.** Берилген сунуштар эске алынсын жана сайттагы маалыматтарды жаңылап, кошумча маалыматтарды киргизүү иштери күчөтүлсүн;
**1.2.** Ар бир кафедра башчылары кафедранын сайтына жоопту кылып бирден адамды дайындасын жана жаңы киргизилген маалыматтарга ошол адамдар жоопту деп милдеттендирилсин;
**1.3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө факультеттин тарбия иштери боюнча декандын орун басары Бердибек уулу Чыңгызга жүктөлсүн.

**2-маселе.** Факультеттеги студенттердин жана магистранттардын илимий изилдөө иштеринин уюштурулушу жана жүргүзүлүшү

**Угулду: аймак таануу кафедрасынын башчысы доцент Султанова К.Дж.:** 2019-2020-окуу жылында бекитилген план боюнча иш алып баруудабыз. 2019-жылдын октябрь айында бүтүрүүчү курстун студенттери үчүн илимий иштерди жазуу боюнча семинар өттү. КРнын Тышкы иштер министрлиги тарабынан уюштурулган сынакта биздин студенттер 1-3 даражадагы дипломдор менен сыйланышты. Кафедрада "Регионовед" аталышындагы студенттердин илимий клубу иш алып барат. 18-майдан баштап боло турган Илим жумалыгына жалпы 8 доклад даярдалды. Алардын ичинде магистранттар да бар.

**Эл аралык мамилелер кафедрасынын башчысы проф. Нурдинова К.Х.:** Биз да план боюнча иш алып баруудабыз. ОшМУнун 80 жылдыгына арналган илимий-практикалык

конференцияга 2-курстун студенти Захиджанов М. илимий жетекчиси Азизбек к.А. менен соавторлукта илимий макала жазды. Кафедрада “Международник” жана “Англис тили клубу” аталышындагы 2 клуб иштердүүлүгүн жүргүзөт. Алдыда болуучу Илим жумалыгына жалпы 13 доклад студенттер жана магистранттар тарабынан даярдалды.

**Магистратура бөлүмүнүн координатору Джаныбекова В.Б.:** Факультеттеги аймак таануу жана саясат таануу багыттары боюнча магистранттардын илимий изилдөө иштеринин уюштурулушу жана жүргүзүлүшү боюнча кеңири баяндама жасады. (Презентация тиркелет)

**Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Урматтуу ОКнын мүчөлөрү, күн тартибиндеги 2-маселени карап чыгып, 2019-2020-окуу жылындагы студенттердин жана магистранттардын илимий изилдөө иштеринин жыйынтыгы менен алдыдагы милдеттери боюнча отчетторду талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде токтомду бекитип койсок. «Каршы»- жок, «калыс» -жок, “макул” – бир добуштан.

**Күн тартибиндеги 2-маселени карап чыгып Окумуштуулар Кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

2.1 Кафедра башчылары жана магистратура бөлүмүнүн координатору берген маалыматтар эске алынсын;
2.2 Алдыда аткарылчу иштер күчөтүлсүн жана токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө тиешелүү структура жетекчилерине жүктөлсүн.

**3-маселе:**. Факультеттеги даярдалып жаткан программалардын окуу программасына киргизилчүү элективдүү курстарды талкуулоо жана бекитүү (бакалавриат, магистратура)

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Факультеттеги аймак таануу жана эл аралык мамилелер багыттары боюнча 1,2,3-курстун студенттерине 2020-2021- окуу жылдын окуу программасына киргизилчүү элективдүү курстарды тандоо боюнча графиктер деканат тарабынан бекитилип, ЗУМ платформасында окутуучулар өздөрүнүн дисциплиналары боюнча студенттерге презентацияларды жасашкан. Андан кийин гугл форма аркылуу студенттер тандашкан. Анын жыйынтыктары менен биз тааныштырдык. Бул маселелер боюнча суроолор, сунуштар жок болсо токтомду бекитип койсок. “Каршы” – жок, “Калыс” – жок, “Макул” – бир добуштан.

**Күн тартибиндеги 3-маселени карап чыгып Окумуштуулар Кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

3.1. Факультеттеги даярдалып жаткан программалардын окуу программасына киргизилчүү элективдүү курстар бекитилсин.

**4-маселе.** Факультеттеги бүтүрүүчү курстагы студент жана магистранттардын мамлекеттик аттестацияга даярдыгы жөнүндө

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Учурдагы абалга байланыштуу бүтүрүүчү курстагы студент жана

магистранттардын мамлекеттик экзамендерин тапшыруу он-лайн өткөрүлсүн деген буйрук чыкканы баарыңыздарга маалым. Бул жылы аймак таануу багытын бакалавриатты жалпысынын 59 студент, 10 магистрант аяктап жатат. Эл аралык мамилелер багытында бакалавриатты 47 студент, 13 магистрант аяктап жатышат. Бул маселе боюнча кимде кандай сунуш бар?

**Жарыш сөзгө чыккандар: эл аралык мамилелер кафедрасынын башчысы, профессор К.Х. Нурдинова:** бүтүрүүчү курстагы студент жана магистранттардын мамлекеттик экзамендерин ЗУМ платформасы аркылуу уюштурган жакшы деп ойлойм. Экзамендин суроолору даярдалып, бекитилген.

**Ф.и.к., доцент К.Дж. Султанова.:** Мен да Канышай Хамитовнанын сунушун колдойм. Бул платформа студенттер үчүн да, окутуучулар үчүн да ыңгайлуу.

**Күн тартибиндеги 4-маселени карап чыгып, факультеттин Окумуштуулар кеңеши**

**ТОКТОМ** кылат:

4.1. Факультеттеги бүтүрүүчү курстагы студент жана магистранттардын мамлекеттик экзамендери ЗУМ платформасы аркылуу уюштурулсун.

**5-маселе.** Ар түрдүү маселелер.

Профессор К. Исаков жана Д. Азизованын “**Суфизмдин этика-эстетикалык табияты (тарыхый-философиялык анализ)”** жана профессор К. Исаковдун **“Философская сущность кондиционального метода”** аттуу монографияларын басмага сунуштоо.

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Урматтуу ОКнын мүчөлөрү, проф. К. Исаковдун илимий эмгектерин окуп чыктым. Негизинен жакшы жазылган, бир аз техникалык каталары бар экен, 2 монографияны басмага жана окуу процессине сунуштайм.

***Доцент К.Курбанбаев:*** Суфизм философиясы чынын айтканда бул ислам дининин философиясы деп эле түшунүшүбүз керек да. Албетте К. Исаков суфизмдин ар кандай багыттары жөнүндө жакшы белгилеп кетиптир. Кээ бир багыттар ислам дининин жоболорунан чектеп кеткендери бар кээ бири ушул шариятты, хадистерди туура жеткирүүгө аракет кылган багыттар бар, бирок кандай болгон учурда да суфизм бул мусулман философиясы деп түшүнүшүбүз керек. К. Исаков аябай актуалдуу маселени алып чыгыптыр, бул иштерге батынган адамдар азыраак, ушул теманы токтотпостон, өзүңүз белгилегендей дагы тереңдетип изилдешиңизге тилектешмин. 2 монографияны тең басмага сунуштайм.

**Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып, факультеттин Окумуштуулар Кеңеши**

**ТОКТОМ** кылат:

1. Авторлор профессор К. Исаков жана Д. Азизованын “**Суфизмдин этика-эстетикалык табияты (тарыхый-философиялык анализ)”**жана профессор К. Исаковдун **“Философская сущность кондиционального метода”** аттуу монографиялары басмага сунушталсын.
2. Факультеттин чечимин колдоо жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

Окумуштуулар кеңешинин төрайымы: С.С. Ибраимова

Окумуштуулар кеңешинин катчысы: Г.М. Даниярова